УДК 94
DOI 10.58649/1694-8033-2024-4(120)-263-268

**ОРМУШЕВ А.С.**
Эл аралык Кувейт университети
**ОРМУШЕВ А.С.**
Международный университет Кувейта
**ORMUSHEV A. S.**
Kuwait International University

# КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛУСУ ТҮЗҮЛГӨНГӨ ЧЕЙИНКИ САЯСИЙ АБАЛ (1917-1924-ЖЖ.)

# ПОЛИТИЧЕСКАЯ СИТУАЦИЯ ДО ОБРАЗОВАНИЯ КАРА КИРГИЗСКОЙ АВТОНОМНОЙ ОБЛАСТИ (1917-1924 гг.)

# THE POLITICAL SITUATION BEFORE THE FORMATION OF THE KARA KIRGIZ AUTONOMOUS REGION (1917-1924))

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макала 1917-жылдан 1924-жылга чейинки мезгилде Кыргызстанда түзүлгөн саясий кырдаал боюнча кээ бир жаңы тарыхый маалыматтар берилет. Айрыкча 1917-1918-жылдарда түзүлгөн улуттук мүнөздөгү саясий партиялар, алардын өз алдынча мамлекет түзүүгө жасаган алгачкы аракеттери, саясий топтордун ар түрдүү көз караштары, саясатчылардын келишпестиктери, граждандык согуш, Советтик түзүлүштүн алгачкы жеңиштери кыскача баяндалат.

**Аннотация:** В данной статье представлены некоторые новые исторические данные о политической ситуации в Киргизии с 1917 по 1924 г. В частности, описываются национальные политические партии, образовавшиеся в 1917-1918 гг., первые попытки народа создать государство самостоятельно, различные взгляды политических группировок, борьба политиков.

**Abstract:** This article presents some new historical data on the political situation in Kyrgyzstan from 1917 to 1924. In particular, the national political parties formed in 1917-1918, the first attempts of the people to create a state on their own, the different views of political groups, the struggle of politicians, Soviet fighters and wrestlers are described.

**Негизги сөздөр:** революция; азаттык; “Алаш”; “Туран”; Букара; ревком; граждандык согуш; автономия.

**Ключевые слова:** революция; свобода; «Алаш»; «Туран»; Букара; ревком; гражданская война; автономия.

**Keywords:** revolution; freedom; “Alash”; “Turan”; Bukara; revolutionary committee; civil war; autonomy.

1917-жыл Россия мамлекети үчүн зор тарыхый окуяларды башынан өткөргөн жыл катары эсте калды. Жыл башында эле буржуазиялык-демократиялык февраль революциясы ишке ашып, ал көп жылдардан бери чексиз бийлик жүргүзүп келген падышалык бийликти кулатып,элдерге саясий эркиндик берүүнү жарыялаган. Натыйжада мурда жашыруун иш жүргүзүп келген саясий партиялар өз ишмердүүлүгүн ачык ишке ашыра баштаган.Басма сөз эркиндигине мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Буржуазиялык революциянын башкы максаты-өлкөдө демократиялык республика орнотуу, жерди мамлекеттин менчигине өткөрүү, жумушчуларга сегиз сааттык жумуш күнүн белгилөө болгон. Бийлик Убактылуу өкмөттө болуп, анын башында А.Ф.Керенский турган.

1917-жылдын февраль айынан ноябрь айына чейинки тогуз айдын ичинде Кыргыз жергесинде дагы саясий абал бир топ өзгөрүүгө дуушар болду. Анткени, Россиядагы

буржуазиялык –демократиялык революциянын таасири менен Кыргызстандын көмүр казып чыгарган Сүлүктү, Кызыл-Кыя шахталарында иштеген орус жумушчулардын большевиктик көз караштагы тобу 6-мартта жумушчулар Советин түзүшкөн [1, с.25]. Пишпек, Ош, Каракол шаарларында жумушчу-дыйкандардын Убактылуу Өкмөткө нааразычылык жыйыны өткөрүлүп, саясий айып менен камалган адамдарды түрмөдөн чыгаруу талабын коюшкан. Элдин сүрүнөн чочулаган түрмө жетекчилери Оштон – 300 адам, Пишпектен – 30 адамды, Караколдон – 30 адамды түрмөдөн боштондукка чыгарышкан. Бул ошол учурдагы алгачкы саясий жеңиш катары бааланган.

Мындай баш-аламан кырдаалдан пайдаланып алдынкы көз караштагы билимдүү адамдар саясий улуттук партияны түзүүгө белсинип киришкен. Эшеналы Арабаевдин демилгеси менен 1917-жылы жайында Пишпек шаарында “Алаш” улуттук партиясы уюштурулуп, анын жетекчиси болуп Абдыкерим Сыдыков шайланган [2, с.45]. Алгачкы саясий улуттук партиянын катарында Касым Тыныстанов, Иманалы Абдарбеков, Д. Сооронбев, С. Чукин, Н. Тулин сыяктуу билимдүү жаштар болгон. Кыргызстандагы “Алаш” улуттук саясий партиясы Казакстандын “Оренбург” шаарында 1917-жылы жаз айында уюшулган “Алаш партиясынын бөлүмү катары түзүлгөн. Партиянын максаты Россиянын курамында өздөрүнүн улуттук мамлекеттин түзүү болгон.

1917-жылдын март айында Ташкент шаарында “Шуро-и-Ислам” (Ислам Кеңеши) уюму түзүлгөн. Бул Түркстан аймагында жашаган мусулмандарды биригүүгө чакырган саясий Кеңеш эле. Алар Россиянын курамында Улуттук Мусулмандар автономиясын түзүүнү каалашкан. “Ислам Кеңеши” уюму Пишпекте дагы түзүлүп, анын жетекчиси болуп Таш Кудайбергенов дайындалган. Ош шаарында “Туран” партиясы түзүлгөн [3, с. 26].

1917-жылдын сентябрь айынын башында Пишпек шаарына “Букара” аталышындагы бир нече саясий топтордун,уюмдардын жамаатынан турган демократиялык биримдик уюштурулган. Анын уюштуруу съезди 9-10-сентябрда өткөрүлүп, жетекчилери шайланган. Төрагалыкка Кожомурат Сарыкулаков,орун басарлыгына Имаш Кудайбергенов, Аширбек Барменов, Бахрутдин Санпаев, катчылыгына Оторбаев, С. Муратамин, иш-кагаздарды жүргүзүүгө К. Саякбаев, эсеп-кысап жүргүзүүгө В. Качыкбаев дайындашкан. Букаранын негизги максаты карапайым элдин саясий аң-сезимин ойготуу,элди биримдикке чакыруу, дыйкандарга жардам берүү болгон [4, с.25].

Россиядагы буржуазиялык-демократиялык революция зор тарыхый жеңишке ээ болгону менен өлкөдөгү саясий,экономикалык жана маданий маселелерди чечкиндүү түрдө чечүүгө кудрети жеткен эмес. Убактылуу өкмөт саясий жактан өзүнүн так багытын аныктай алган жок. Дүйнөлүк биринчи согуштун улана бериши, агрардык маселелердин чечилбеши,жумушчулардын талаптарынын орундалбашы элдин нааразычылыктарын күчөтүүгө түрткү болгон.

Ушундай кырдаалдан пайдаланып В.И. Ленин башында турган большевиктер партиясы 1917-жылы 7-ноябрда Петроградда куралдуу көтөрүлүш жасап, Убактылуу өкмөттү кулатып,өлкөдө пролеттариаттардын бийлигин орноткон. 7-ноябрда өткөн Бүткүл Россиялык Советтердин 2-съездинде “Тынчтык жөнүндө” жана “Жер жөнүндө” декреттер кабыл алынып, “...жер, жерлерге баардык бийлик жумушчулардын,солдаттардын жана дыйкандардын депутаттарына өтсүн...” [5, с.15-16] деген кайрылуу кабыл алынган. Эми жаңы бийлик негизги чечүүчү башкарууну Бүткүл Россиялык Советтердин съезди аныктап, ал эми съезддер аралыгындагы уюштуруу,аткаруу иштерди Бүткүл Россиялык Аткаруу комитетин түзүүнү сунуштаган. Бул чечим Россиянын курамына кирген бардык аймактарга тийиштүү болгон.

Жогор жактын чечимин аткаруу максатында 1917-жылы 15-22-ноябрда Ташкент шаарындагы большевиктердин демилгеси менен Түркстан Советтеринин 3-съезди 114 делегаттын катышуусунда өткөрүлгөн. Жаңы Совет өкмөтүн башкаруу максатында Түркстан Эл Комиссарлар Совети түзүлүп,төрагалыкка большевик Ф.И. Колесов

шайланган. Советтин 15 мүчөсү тең славян улутундагылар түзүлгөн. Мындай чечим жергиликтүү улуттук өкүлдөрүн наарачылыкка алып келген.

Натыйжада Түркстан Советинин адилетсиздик,улутчулдук мамилесине каршы нааразы болгон жергиликтүү казак, өзбек, кыргыз, түркмөн, тажик улутундагы билимдүү мекенчилдер 1917-жылы 26-29- ноябрда Кокон шаарында Мусулмандардын чукул чакырылган 4-съездин өткөрүшкөн.Уюштуруучулар:"Шуро-и-Ислам" (Ислам-Кеңеши), "Алаш" улуттук саясий партиясы жана көптөгөн Совет бийлигине каршы уюмдар кирген. Съездде "Кокон автономиясы" жарыяланып, анын жетекчилигине М. Тынышбаев шайланган. М. Чокоев эң башкы уюштуруучу катары иш жүргүзгөн. Урааны "Көз "арандысыз Түркстан мамлекетин түзүү" [6, с.20]. Кокон мамлекетин Эргеш (Иргаш) 1500 жоокерлери менен коргоого өткөн. Аларды Англия, АКШ, Афганистан, Иран мамлекеттери колдоого алган [7, с.480].

Түркстан аймагында Совет бийлиги орногон мезгилден баштап саясий абал оор абалга туш болгон.Мындай кыраалдын түзүлүшүнө бир нече шарттар жана окуялар себеп болгон. Биринчиден, Ташкенттеги жаңы Совет Өкмөтүнүн жетекчилигине келген большевиктер жергиликтүү элдин ой-максатын эске албаган. Алардын тилин, динин, када-салтын жеткиликтүү түшүнгөн эмес жетекчи жок болгон. Экинчиден, алар жергиликтүү калктын өкүлдөрүн өздөрүнө тартып,биргелешип, иш жүргүзүүнүн ордуна бир дагы адамды башкаруу Комитетине киргизбей коюшкан. Үчүнчүдөн, большевиктер партиясынын мүчөлөрү мурдагы жумушчулар болушкан. Алардын деле бийлик жүргүзүү боюнча билими жана тажрыйбасы жок болгондуктан Жогор Жактагылар эмне десе ошону аткарган "тил аалчак" большевиктер эле.

Ушундай абал жергиликтүү элдин кээ бир катмарын, өзгөчө ислам дининин өкүлчүлүктөрүн Совет бийлигине каршы күрөш жүргүзүүгө түрткү болгон.

Натыйжада 1918-жылдан баштап 1920-жылга чейин Кыргызстанда Совет бийлигин орношуна каршы ачык куралдуу күрөш күч алган.

1918-жылы февралда "Кокон автономиясы" болуп өз алдынча түзүлгөн жаңы өкмөтү Советтик Кызыл Армиянын куралдуу чабуусу менен кыйроого учурап, жетекчилери качып кетүүгө үлгүрүшкөн.

Түркстанда Совет бийлигин бекемдөө максатында 1918-жылы 20-апрелде Ташкент шаарында өткөрүлгөн аймактык Советтердин 5-съездинде мамлекетти түзүү жана эл чарбасын куруу маселелерин талкуулашкан. 1-майда съезд Түркстан Советтик Россиялык Федерациясынын курамында түзүлүп, анын Борбордук Аткаруу Комитети, Эл Комиссарлар Советин уюштурулган [8, с.6].

Көп улуттун өкүлдөрүнөн турган Түркстан Республикасынын курамында кыргыздар дагы кирген, алар жалпы калктын 13,5% түзгөн [9, с.18]. Бирок кыргыздар Түркстан мамлекетинин курамында 4 облуска: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана, Самарканд бөлүнүп калган. Кыргыздар коңшулаш өзбек жана казактар менен бир облустун башкаруусунда болгон.

Тилекке каршы, Түркстанда жаңы түзүлгөн Автономиалуу Республика өз ишин Совет өкмөтүнө каршы күрөшкөн куралдуу күчтөр менен салгылашуудан баштоого туура келген. Анткени экономикасы өнүккөн алдыңкы империалисттик мамлекеттердин катарындагы Англия, Америка Кошмо Штаты,Франция жана Япония мамлекеттери 1918-жылдын жай айынан баштап Жаш Совет бийлигин жоготууга ачык каршы чыгышкан.

1918-жылы майдын аягында Чехословакиялык корпустун көтөрүлүшү, 13-июнда Чыгыш фронтун түзүүгө аргасыз кылды. Ошол эле учурда атаман Дутов жетектеген аскерлер Оренбург шаарын басып алып, Түркстанды Россия менен байланышын токтотууга аракет жасаган.

Натыйжада, 1918-1920-жылдары бүтүндөй Түркстан аймагында Жарандык согуш уланган. Өзгөчө Кыргызстанда Совет бийлигине каршы болгон мурдагы оокаттуу адамдар, ислам дининин өкүлдөрү, улутчулдар, мекенчилдер, туугандык, жердештик мүнөздө аларды колдогондор куралдуу кагылышууга барышкан. Бир өлкөдө жашаган

жарандардын бир жагы Совет бийлигин жактап, экинчи жагы ал бийликке каршы турушкан.

Коркунучтуу кырдаалга байланыштуу 1919-жылы 11-октябрда Туркстан АССРнин Борбордук Аткаруу Комитети аймакты согуштук абалда деп жарыялап, жер-жерлерде революциялык комитеттерди түзүү боюнча чечим чыгарган. Натыйжада 1920-жылдын башында Туркстанда 6 областтык, 27 уезддик, 477 волостык революциялык комитеттер уюштурулган [10, с.46]. Алар аймакта Советтик түзүлүштү курууга каршы турган топтор менен күрөш жүргүзгөн. Мисалы Пишпек уездинин шаардык жетекчиси М. Айдарбеков Беловодск жана Нрындагы революцияга каршы көтөрүлгөн падышалык офицерлердин, кулактардын жана жергиликтүү бай адамдардын куралдуу козголоңун басууга катышкан [11]. Маргелан уездинин ревкомунун башчысы А. Орозбеков Фергена өрөөнүндөгү революцияга каршы топтор менен күрөшкөн. Ал эми Ж. Абдрахманов Жети-Суу облусунун Түндүк фронтунда кызыл армиянын катарында болуп атаман Анненковдун армиясына каршы согушка катышкан [12].

1920-жылы 25-августа Кыргыз (казак) АССРи түзүлүп, анын курамына Жети-Суу, Сыр-Дарыя областары кошулган.Натыйжада кыргыз элинин түндүк аймакта жашаган калкы Казактардын Республикасынын башкаруусунда калган. Мындай адилетсиздик чечимге наразы болгон Жети-Суу областынын Аткаруу Комитетинин төрагасы А. Сыдыков жана ошол областын уюштуруу бөлүмүнүн жетекчиси И. Арабаевдер 1921-жылы Алма-Ата шаарында болгон кеңешмеде Түркстан Республикасынын курамында Тоолуу Кыргыз обласын түзүү демилгеси менен чыгышкан. Бирок бул демилге колдоого ээ болбой калган.

1922-жылдын башында А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, И. Арабаев баштаган топ Тоолуу Кыргыз обласын түзүү боюнча Ташкентке кайрылышкан. Алардын суроо-талабы 1922-жылы 25-мартта Түркстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жыйынында каралып Түркстан Республикасынын курамында Тоолуу кыргыз областын түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган. 26-мартта Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетинин кичи Президимунун жыйынында Пишпек. Каракол, Нарын уездери жаш Олуя-Ата уездинин тоолуу бөлүгү (Талас аймагы) кирген, борбору Кочкор кыштагында жайгашкан Тоолуу Кыргыз областын түзүү жөнүндөгү чечим жактырылган. Бирок, тилекке каршы түштүк аймакта жашаган кыргыз улутундагы элдердин тагдыры чечилбеген бойдон калтырылган [13, с.9].

Кыргыз элин өз алдынча мамлекет катары түптөлүүсүнө коңшу казак, өзбек улутундагы кээ бир жетекчилердин жана кыргыздардын ич ара уруулук бөлүнүүсү тоолуу Кыргыз областын түзүүгө каршы аракеттердин күчөшүнө алып келген. Өзгөчө А. Сыдыков менен Р. Кудайкуловдун өз ара тымызын бийлик талашуусу күч алып, 1922-жылы 4-июнда Пишпекте уюштурулган курултайдын ишин токтотууга жетишкен.

Натыйжада, кыргыздардын чыгаан мамлекеттик жетекчиликте такшалып калган азаматтардын улуттук мамлекетти түптөө аракети алдыга чыга албай калган. Аны түзүүгө демилгечи болгон А. Сыдыков менен И. Арабаевдер куугунтукка алынып, мамлекеттик башкаруу кызматтарынан четтетилген.

Бирок Кыргыз улуттук мамлекетти түзүү аракетти токтокон эмес. Анткени Түркстан Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасында өзбек, түркмөн, кыргыз бөлүмдөрү иштешип, келечекте ар бир улут өз алдынча мамлекет түзүүсү үчүн бул аймакта жашаган элдердин улуттук курамын, экономикалык мүмкүнчүлүгүн жана чек араларды тактоо иш-чараларды аткарышкан.

1922-жылы 30-декабрда СССРдин түзүлүшү. 1924-жылы 31-январда СССРдин биринчи Конституциясынын кабыл алынышы, улуттук мамлекеттердин түптөлүшүн тездеткен.

Россиянын Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин Саясий бюросу 1924-жылы 12-июнда «Орто Азия элдердин улуттук мамлекеттерге бөлүү жөнүндө» токтом кабыл алынган. Улуттардын өз алдынча мамлекетин түзүүдө «Борбордук аймак»

аттуу комиссия түзүлгөн. Ага кыргыздардан Жусуп Абдрахманов жана Иманалы Айдарбековдор мүчө болуп кирген [9, с.335-336]. Мына ушул адамдар өздөрүнүн билимдүүлүгүн, кайраткерлигин көрсөтүп кыргыз мамлекетинин алгачкы чек арасын тактап, улуттук кызыкчылыгын сактоодо бекем турушкан.

Ошентип, 1924-жылы 14-октябрда Борбордук Аткаруу Комитеттин чечими менен Түркмөн ССРи, Өзбек ССРи ТажикАвтономиялуу областы, РСФРдин курамында Кара-Кыргыз Автономиялуу областы түзүлгөн.

1924-жылы 21-октябрда Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин (ВЦИК) Президиуму Кара-Кыргыз автономиялуу областынын Революциялык Комитетин түзгөн-бул бийликтин убактылуу уюштуруу иштерин жүргүзө турган орган катары кызмат өтөгөн [14]. Анын жетекчилигине И.Айдарбеков дайындалган. Революциялык комитет өз ишин 1924-жылдын 18-октябрынан 1925-жылдын 30-мартына чейин жүргүзгөн [15].

Кара-Кыргыз Автономиялуу областы түзүлгөнгө чейин кыргыз эли оор саясий окуяларды башынан өткөрүүгө туура келген. Ошол учурда кыргыздын азамат – жигиттери көз карандысыз эркин улуттук мамлекетти түзүүнү ойлошкон. Ал мамлекетти «Алаш ордо», «Кокон автономиясы», «Социал-Туран» сыяктуу саясий күчтөр менен түзүүнү да каалашкан. Бирок келечектеги улуттук мамлекетти Кыргыз совет мамлекетинин үлгүсүндө, РСФРдин курамында түптөөнү туура тандашкан.

Андыктан, 1920-жылдары кыргыз совет мамлекетинин пайдубалын түптөп, калыптандырып жана өнүктүрүп ушул даражага жеткирген ата-бабаларыбыздын ыйык аманатын көздүн карегиндей сактоого милдеттүүбүз. Өздөрүнүн акылын, билимин, тажрыйбасын, канын, жанын аябаган Жусуп Абдрахманов, Абдыкерим Сыдыков, Ишеналы Арабаев, Иманалы Айдарбеков, Абдыкадыр Орозбеков, Баялы Исакеев, Касым Тыныстанов, Төрөкул Айтматов сыяктуу аталарыбыз кыргыз совет мамлекетин түптөөгө зор салым кошушкан.

## Колдонулган адабияттар

1. Зима А.Г. Советы в Киргизии в 1917 г. – Фрунзе, 1962, с.25.
2. Курманов З.К. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. – Бишкек,1997, с.45.
3. Чокушов Б. Классовая борьба в киргизских аилах в первые годы социалистических преобразований(1918-1924 гг.). – Фрунзе, 1970, с.26.
4. Зорин А.Н. Революционное движение Киргизии (северная часть). – Фрунзе, 1931, с.25. [Ист.парт.Ср.Аз.Бюро ЦК ВКП(б). Семур фонд, дело №21].
5. Второй Всероссийский съезд Советов рабочих и солдатских депутатов: Сб. документов. – Москва, 1997, с.15-16.
6. Абылгазиев В. Крах политического бандитизма. – Фрунзе, 1984, с.20.
7. Разгром контрреволюционных сил в Киргизии в годы иностранной военной интервенции и гражданской войны: Сб.док.1918-1920. – Фрунзе, 1983, с.480.
8. Чокушов Б. Классовая борьба и упрочение советской власти в киргизских аилах (1918-1924 гг.). – Фрунзе, 1968, с.6.
9. Турсунов Х.Т. Национальная политика Коммунистической партии в Туркестане. – Ташкент, 1971, с.18; 335-336.
10. Бугай Н. Ревкомы. – Москва: Политиздат, 1981, с.46.
11. ЦГА КР. ф.68. оп.1. д.6. л.14.
12. Ормушев А.С., Жумалиева В. Жусуп Абдрахманов –Чыгаан мамлекеттик ишмер, 2021.
13. Плоских В.М. Манас не признал себя виновным. – Бишкек, 1993, с.9.
14. ЦГА КР. ф.20. оп.1. д.3. л.4.
15. ЦГА КР. ф.20. оп 1. д.18. л.45.